«Бекитемин»
ОшМУнун ректору, профессор
К.Г.Кожобеков____________

«___»____________ 2024-жыл.

**Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо, каржылоо жана аткаруу тартиби жөнүндөгү S-2024-0002 / 01.03.2024-ж. жобого**

**ТИРКЕМЕ №1**

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңеши тарабынан кабыл алынып, ректордун буйругу менен бекитилген жободогу берилген долбоорлорду тандоодогу эксперт консультанттардын аткара турган милдеттери тууралуу эрежелер:

**Эксперт-консультанттар:**

1. Эксперт-консультанттарга чет өлкөдө билимин жогорулаткан жана СКОПУС базасында индекстелген журналдарда илимий макалалары жарыяланып хиршасы бар, ошондой эле эл аралык бир канча долбоорлорду аткаргандардан түзүлөт;
2. Эксперт-консультанттар ректор тарабынан жыл сайын бекитилет;
3. Эксперт-консультанттарга сааттык жүктөм менен айлык акы төлөнөт.

**Эксперт-консультанттардын милдеттери:**

1. Эксперт-консультанттар бекитилген ЖОБОнун 5.2 пунктунун 5.2.2 бөлүкчөсүнүн негизинде онлайн платформа grant.oshsu.kg сайтына жүктөлгөн долбоор менен иш алып барышат;
2. Жүктөлгөн долбоор толук кандуу экендиги илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы тарабынан текшерилип, эксперт-консультанттарга система аркылуу жиберилет;
3. Эксперт-консультанттар берилген долбоорлорду эки этапта карап өткөрүшөт;
4. 1-этапта ар бир долбоорго 9 критерий менен берилген суроолорго карата 1-5-баллга чейин баалашат;

5. Баалап бүткөндөн кийин жалпы баллдын 50%дан жогору балл алгандар 2-этапка өтөт;
6. 2-этапка өткөн долбоорлорду эксперт -консультанттар ар бирине **“макул”** же **“макул эмесмин”** деп добуш беришет;
7. Эксперт-консультанттардын макул деп добуш бергендердин 50%дан жогору добуш алган долбоорлор гана автоматтык түрдө кийинки этапка өтүп, буйрукка сунушталат. Ал эми 2-этаптын жыйынтыгында эксперт-консультанттардын берилген добушу 50 пайыздан болуп калган учурда Илимий-техникалык кеңеш (ИТК) кайрадан талкуудан өткөрүп, ар бирине **“макул”** же **“макул эмесмин”** деп добуш беришет. ИТК **“макул”** деп добуш бергендердин 50%дан жогору добуш алган долбоорлор гана буйрукка сунушталат.

Макулдашылды:

Илим жана инновация боюнча проректор, доцент: Арапбаев Р.Н.

Даярдаган:

Илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы, доцент: Курбанбаева Н.Н.